Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

29.11.2024-ж.

№ 2.1. ТОКТОМУ

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окуу процессине дуалдык окутууну ишке ашыруу жана Жобосун бекитүү жөнүндө

*(Жооптуу КУУнун Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиев, окуу башкармалыгынын башчысы А.Т. Кыдыралиев).*

Ж. Баласагын атындагы КУУнун окуу башкармалыгынын башчысы Кыдыралиев А.Т. маалымдоосун угуп жана талкуулап КУУнун Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окуу процессине дуалдык окутууну киргизүүдө университеттин ченемдик укуктук актылары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 “Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 13-сентябрында №1419 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу программаларын ишке ашыруу жөнүндө” буйругуна 2025-жылдын январь айына чейин ылайык келтирилсин (курам жетекчилери, окуу башкармалыгы).

1.1.Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде дуалдык билим берүү жөнүндө Жобо бекитилсин.

1.2. Конкреттүү багыт/адистик боюнча жумуш ордунда окутуу (ЖОО) жүргүзүүнүн формалары -жылдын февраль айына чейин аныкталсын (курам жетекчилери, окуу башкармалыгы).

Жумуш ордунда окутуу боюнча жумушчу окуу пландары жана окутуу программалары 2025-жылдын апрель айына чейин иштелип чыксын (курам жетекчилери).

Жумуш ордунда окутуу программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга окуучуларга жана жумуш берүүчүлөргө ыңгайлуу шарттар түзүлсүн (ректорат).

Жумуш берүүчүлөр менен жумуш ордунда окутуу программалары боюнча жекече окуу ыраатын ишке ашыруу максатында үч тараптуу келишимдер 2025-жылдын февраль айына чейин иштелип чыксын (курам жетекчилери, карьера жана практика борбору).

2. Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

№ 2.2. ТОКТОМУ

29.11.2024-ж.

2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы иш мерчемин бекитүү жөнүндө.

*(Жооптуу Окумуштуу катчы Ж.Ж.Керимканова).*

Окумуштуулар кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы иш мерчеми окуулуп талкууланды. Мерчемге бир нече маселелер кирди, анын ичинде илимий-изилдөө иштеринин 2024-жылдагы жыйынтыгы жана приоритеттүү перспективалары, электрондук маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн абалы жана өнүгүүсү, инвестиция тартуу боюнча ишмердүүлүктүн абалы жана алдыдагы максаттары, КУУда кредиттик технологиялар боюнча окуу процессин уюштуруусу, КУУда коррупцияны алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча иштерди уюштуруунун багыттары, КУУда бизнес сектору, иш берүүчүлөр жана мамлекеттик уюмдар менен кызматташтыктын азыркы абалы жана аны өнүктүрүүнүн жолдору.

Окумуштуулар кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы иш мерчемин талкуулап, Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы иш мерчеми бекитилсин.

2.Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

**Постановление № 2.3.**
**Заседания Ученого совета КНУ им. Ж.Баласагына**

29.11.2024 г.

Заслушав и обсудив информацию руководителя Центра информационных технологий КНУ им. Ж.Баласагына Мусаева У.Б. «Состояние и развитие электронной информационно-образовательной среды КНУ им. Ж.Баласагына»

Ученый совет

ПОСТАНОВЛЯЕТ:

1. Принять к сведению информацию руководителя Центра информационных технологий КНУ им. Ж.Баласагына Мусаева У.Б. «Состояние и развитие электронной информационно-образовательной среды КНУ им. Ж.Баласагына».

2. Модернизацию учебного процесса и корпоративной сети КНУ им. Ж.Баласагына осуществить по следующим направлениям:

- Модернизировать образовательную информационную систему AVN (внедрить программы):
  - система электронного документооборота для всех учебных подразделений и административно-управленческого персонала;
  - электронные карты для студентов;
  - электронное расписание для всех учебных структур (все формы обучения, все курсы);
  - электронные журналы и электронные зачетные книжки;
  - адаптировать информационную систему университета для возможности выбора дисциплин и преподавателей студентами.
- Установить новый сервер и перенести информационную систему AVN;
- Внедрить систему управления обучением Moodle – dos.knu.kg:
  - провести интеграцию с AVN;
  - провести обучение преподавателей в создании цифровых учебных курсов;
  - создать лабораторию по созданию цифровых учебных курсов.

- Модернизировать корпоративную сеть КНУ им. Ж.Баласагына:
  - Повысить надежность работы серверов КНУ – установить электрогенератор для серверной;
  - Модернизировать оптоволоконные линии связи (- замена медиаконверторов, сетевых роутеров и маршрутизаторов, перепрограммирование управляемых свичей);
  - Модернизировать и обновить оборудование в серверных помещениях размещенных учебных корпусах и филиалах КНУ;
  - Обновить прокси – сервера. Обновить меры по кибербезопасности;
  - Обновить системные программы, обеспечивающих безопасный доступ в Интернет и сетевую защиту корпоративной сети (Kerio Control);

- Увеличить количество камер в корпусах для эффективной организации учебного процесса и обеспечения безопасности учащихся;
- Модернизировать WiFi сети на основе современного оборудования; внедрение MESH технологий, повышения безопасности подключения, внедрение Radius серверов.

- Цифровизировать образовательный процесс:
  - Модернизировать библиотечную систему «ИРБИС 64», внедрить штрихкодовую идентификацию библиотечной литературы;
  - Продолжить работы по оцифровке документов центрального архива;
  - Разработать программное обеспечения по доступу и обслуживанию оцифрованных документов.

3. Оптимизировать структуру Центра информационных технологий КНУ им. Ж.Баласагына для повышения эффективности выполняемых задач.

4. Контроль за выполнением этих задач возложить на первого проректора КНУ А.Б. Шамшиева.

Председатель Ученого совета
профессор Д.Т. Чонтоев

Ученый секретарь КНУ,
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

29.11.2024-ж.

№ 2.5. ТОКТОМУ

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2027-жылга чейинки кесипке багыт берүүсүнүн (профориентация) концепциясы жөнүндө.

*(Жооптуу Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, математика жана информатика институтунун директору И.А.Усенов)*

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кабыл алуу комиссиянын жооптуу катчысы И.А.Усеновдун 2027-жылга чейинки кесипке багыт берүү ишинин концепциясынын негизги багыттары тууралуу угуп чыгып Концепция университетте келечектеги кесиптик ишмердүүлүктү, билим берүүнүн жеке траекториясын, кесиптик даярдыктын багытын, профилин билим берүүнүн жана эмгек рыногунун суроо-талаптарына ылайык эркин жана аң-сезимдүү тандоосу үчүн жагымдуу шарттарды түзө тургандыгын белгиледи.

Ошону менен бирге Окумуштуулар кеңеши аталган Концепция Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы менен аныкталган билим берүү саясатынын негизги принциптерин өнүктүрүүгө негизделгендигин, ЖОЖго чейинки, ЖОЖдогу жана ЖОЖдон кийинки кесипке багыт берүү ишинин принциптерин, максаттарын, багыттарын, негизги милдеттерин жана концепцияны ишке ашыруунун ресурстук камсыздалышын, аткаруу механизимдерин камтый тургандыгын жана материалдык-техникалык, финансылык-экономикалык, ченемдик-укуктук, уюштуруучулук-башкаруучулук, кадрдык, илимий-методикалык, маалыматтык ресурстары түздөн-түз пайдаланууга тышкы чөйрөнүн потенциалын жана кесиптик багыт берүү системасын иштетүүгө шарт түзө тургандыгын белгилөө менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2027-жылга чейинки кесипке багыт берүү ишинин Концепциясы сунушталган редакцияда кабыл алынсын.
2.Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

29.11.2024-ж.

№ 2.6. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарбия иштерин 2024-2026- ж.ж. жүрүзүүнүн концепциясын бекитүү.

(*Жооптуу Жаштар саясаты жана тарбия иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы Ы.Т. Касмакунов*).

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Тарбия иштерин уюштуруунун зарылдыгы, актуалдуулугу, студенттердин окууга, илимге, маданий-массалык, тарбиялык-коомдук ишмердүүлүгүн жана спорттук иш чараларда өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүү жөнүндө Жаштар саясаты жана тарбия иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы Ы.Т. Касмакуновдун маалыматын угуп,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарбия иштерин жүргүзүүнүн Концепциясы сунушталган редакцияда кабыл алынсын.
2. Концепцияны каттоо жол-жобосун Жаштар саясаты жана тарбия иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы Ы.Т. Касмакуновго жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

29.11.2024-ж.

№ 2.8. ТОКТОМУ

4. Ар түрдүү маселелер.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун педагогиканын жогорку мектеби кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Асипова Нурбүбү Асаналиевнанын “Кыргызстандагы көп маданияттуу билим жана тарбия” (“Поликультурное образование и воспитание в Кыргызстане”) аттуу илимий мектебин ачуу жөнүндө.

*(Жооптуу Илимий иштер боюнча проректор М.М.Дыldaев).*

Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сый акы алууга көрсөтүлүп жаткан Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун педагогиканын жогорку мектеби кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Асипова Нурбүбү Асаналиевнанын илимий мектебин ачуу тууралуу мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча М.М.Дыldaевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Окумуштуулар кеңеши төмөнкүнү белгилейт.

Профессор Н.А. Асипова 250 дөн ашык илимий-педагогикалык эмгектердин автору. Окумуштуунун эмгектери жакынкы жана ыраакκы чет мамлекеттерде: Россияда, Канадада, Польшада, Норвегияда, Турцияда, Россияда жана Казакстанда жарык көргөн. Алардын ичинде 3 монография, 4 окуу китеби, 6 окуу куралы, 2 окуу программасы жана көптөгөн илимий макалалар бар.

Профессор Н.А. Асипова 1971-жылдан бери Ж. Баласагын атындагы КУУда эмгектенип келет. Аталган университеттеги 53 жылдык эмгек жолунда катардагы лаборанттан баштап, эл аралык деңгээлдеги окумуштуу, илимпоз дасыккан окутуучу, илимий жетекчи катары калыптанды. 2017-жылдан 2023-жылдын аягына чейин СГИФтинде жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчылыгын конкурстан өтүү менен жетекчилик кылып келди.

Учурда анын демилгеси менен КУУда педагогика бугытында батыш моделиндеги PhD докторантура ачылып, анда педагогика программасы боюнча 70 докторанттын иштерине академиялык консультант катары илимий жетекчилик иштерин алып баруу менен 5 докторанттын диссертациялык ишине илимий жетекчилик кылууда.

Студенттер жана педагогикалык жамаат алдында ар кандай илимий–методикалык билдирүүлөр жана семинарлар менен тез-тез чыгып турат. Учурда КР педагогика багытында 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү, КУУнун социалдык жана гуманитардык институтунун окумуштуулар кеңешинин мүчөсү, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ИТК мүчөсү катары көптөгөн коомдук иштерди алып барат.

Учурда Н.А.Асипованын жетекчилиги астында педагогика илиминин 27 кандидаты, 3 доктору даярдалып, Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн ЖОЖдорунда эмгектенип келет.

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун педагогиканын жогорку мектеби кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Асипова Нурбубу Асаналиевнанын “Кыргызстандагы көп маданияттуу билим жана тарбия” (“Поликультурное образование и воспитание в Кыргызстане”) аттуу илимий мектеби ачылсын.

2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги илимий мектептери жөнүндө Жобону иштеп чыгуу илимий иштер боюнча проректор М.М.Дылдаев милдеттендирилсин.

3. Аталган илимий мектептин ишмердүүлүгүнө жалпы көзөмөл кылуу илимий иштер боюнча проректор М.М.Дылдаевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун

№ 2.9. ТОКТОМУ

29.11.2024-ж.

1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын Scopus, Web of Science журналдарына жарыяланган макалалар үчүн төлөм жүргүзүү жөнүндө.
*(Жооптуу Илимий иштер боюнча проректор М.М.Дылдаев).*

Дүйнөлүк QS рейтингине кирүүгө, университеттин позицияларын жакшыртууга, окуу жайдын илимий активдүүлүгүн жана репутациясын жогорулатууга Scopus жана Web of Science маалымат базаларында индекстелген журналдарга макала жарыялоого кошумча төлөм жүргүзүү маанилүү.

2023-жылы кошумча төлөмдөрдү киргизүү макала жазуу активдүүлүгүн эки эсеге көбөйттү. Өткөн жылы 64 макала жарыяланган болсо, быйыл 124 макала жарыяланды.

2024-жылдын 7-февралындагы отурумунун №5.1 токтомунун, 28-мартындагы №135 "Жарыяланган макалалар үчүн төлөм жүргүзүү жөнүндө" буйрукка ылайык, 2024-жылдын 22-ноябрындагы өткөн Илимий-техникалык кеңештин колдоосун жана жогоруда айтылгандардын негизинде, Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Scopus жана Web of Science базаларында индекстелген Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин штаттагы кызматкерлеринин (макаланын авторлоруна) макаласына 15000 (он беш миң) сомдон акча каражатын 2024-жылдын 1-мартынан баштап төлөнсүн (бир макалага бир жолу).
2. 2024-жылдын 1-январынан Scopus жана Web of Science маалымат базаларында индекстелген макалалардын тизмесин жана авторлордун аты-жөнүн тактап, билдирүү аркылуу кадрлар башкармалыгына тапшыруу жана макалага акча каражатын төлөнүү, биргелешип макала жазган авторлорго 15000 сом акча каражатын тең бөлүштүрүлүшү тууралуу нускаманы иштеп чыгуу илимий метрикалык талдоо бөлүмүнө тапшырылсын.
3. Каржылоону сапаттуу уюштуруу административдик-чарба иштери боюнча проректор Б.К.Айтахуновго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына жалпы көзөмөл кылуу илимий иштер боюнча проректор М.М. Дылдаевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова